ЖАМГЫР СИМФОНИЯСЫ

С. Б. Сейитбекова

О. С. Бейшекеев

Жамгыр төгөт, жамгыр төгөт,

Жаңырыктайт айлана.

Жамгыр үнү көңүл бөлөт,

Жалгыз келем жай гана.

Кайырма:

Себелеген жамгырлардан,

Сенин үнүң угулат.

Тамчылардын музыкасы,

Табышмактуу туюлат.

Тамчылардын музыкасы,

Табышмактуу туюлат.

Чачтарымдан агылат суу,

Кол чатырга жашынбайм.

Симфония жамгыр үнү,

Ырдап турат тамчылай.

Кайырма:

Коюу туман далдасына,

Гүл бурак кез жашынган.

Ошондогу сенин үнүң,

Көрсө, жамгыр жашырган.

Симфония жамгыр үнү,

Жүрөк музун эриткен.

Кайрып берчи ал күндөрдү,

Уурдап бизден бекиткен.